КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИШКЕК ШААРЫНЫН
МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МЭРИЯ ГОРОДА БИШКЕК

0002318 8
0251121 3

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

11 мая 2020 № 30

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Бишкек шаарынын мэриясына караштуу**
**Эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы**
**шаардык өзгөчө комиссия түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө" Мыйзамынын 19-беренесине, Кыргыз Республикасынын "Ветеринария жөнүндө" Мыйзамынын 15-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 16-мартындагы №152 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы республикалык өзгөчө комиссия түзүү жөнүндө" токтомун, Бишкек шаарынын мэриясынын 2019-жылдын 31-декабрындагы № 114 "Бишкек шаарынын мэринин, биринчи вице-мэринин, вице-мэрлеринин жана Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисинин ортосундагы милдеттерди бөлүштүрүү жөнүндө" токтомун аткаруу үчүн, жугуштуу оорулардын алдын алуу, эпидемияларды локалдаштыруу жана жоюу, калк арасындагы массалык уулануулар жана жаныбарлар арасында, анын ичинде адамдын ден соолугуна коркунуч келтирген жугуштуу оорулардын пайда болуусун жана таралышын болтурбоо боюнча иш-чараларды өз убагында уюштуруу максатында, Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын социалдык бөлүмүнүн башчысы Р.К. Айтымбетовдун Бишкек шаарынын мэриясынын "Бишкек шаарынын мэриясына караштуу Эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы шаардык өзгөчө комиссия түзүү жөнүндө" токтомунун долбооруна карата 2020-жылдын 11-майындагы маалым катын эске алып, токтом кылам:

1. Бишкек шаарынын мэриясына караштуу Эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы шаардык өзгөчө комиссия түзүлсүн.

2. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Бишкек шаарынын мэриясына караштуу Эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы шаардык өзгөчө комиссия жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИШКЕК ШААРЫНЫН
МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МЭРИЯ ГОРОДА БИШКЕК

0002318 8
0251121 3

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

11 мая 2020 № 30

Бишкек ш.
г. Бишкек

**О создании Городской чрезвычайной**
**противоэпидемической и противоэпизоотической комиссии**
**при мэрии города Бишкек**

В соответствии со статьей 19 Закона Кыргызской Республики «Об общественном здравоохранении», статьей 15 Закона Кыргызской Республики «О ветеринарии», во исполнение постановления Правительства Кыргызской Республики «О создании Республиканской чрезвычайной противоэпидемической и противоэпизоотической комиссии при Правительстве Кыргызской Республики» от 16 марта 2010 года № 152, постановления мэрии города Бишкек «О распределении обязанностей между мэром, первым вице-мэром, вице-мэрами и руководителем аппарата мэрии города Бишкек» от 31 декабря 2019 года № 114, в целях своевременной организации мероприятий по профилактике инфекционных заболеваний, локализации и ликвидации эпидемий, массовых отравлений среди населения и по предотвращению возникновения и распространения особо опасных заразных болезней животных, в том числе представляющих угрозу здоровью человека, принимая во внимание справку заведующего социальным отделом центрального аппарата мэрии города Бишкек, Айтымбетова Р.К. от 11 мая 2020 года к проекту постановления мэрии города Бишкек «О создании Городской чрезвычайной противоэпидемической и противоэпизоотической комиссии при мэрии города Бишкек», постановляю:

1. Создать Городскую чрезвычайную противоэпидемическую и противоэпизоотическую комиссию при мэрии города Бишкек.

2. Утвердить:

- Положение Городской чрезвычайной противоэпидемической и противоэпизоотической комиссии при мэрии города Бишкек согласно приложению 1;

- Бишкек шаарынын мэриясына караштуу Эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы шаардык өзгөчө комиссиянын курамы 2-тиркемеге ылайык.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Вице-мэр** **Т.А. Кузнецова**

- состав Городской чрезвычайной противоэпидемической и противоэпизоотической комиссии при мэрии города Бишкек согласно приложению 2.

3. Контроль за исполнением настоящего постановления оставляю за собой.

**Вице-мэр** **Т.А. Кузнецова**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2020-жылдын «11» 05
№ 30 токтомуна
1-тиркеме

**Бишкек шаарынын мэриясына караштуу Эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы шаардык өзгөчө комиссия жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бишкек шаарынын мэриясына караштуу Эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы шаардык өзгөчө комиссия (мындан ары – Өзгөчө комиссия) жугуштуу оорулардын алдын алуу, эпидемияларды, калк арасында массалык уулануулларды локалдаштыруу жана жоюу, жаныбарлардын өзгөчө коркунучтуу жугуштуу ылаңдарынын, анын ичинде адамдын ден соолугуна коркунучтуу жугуштуу оорулардын пайда болушун жана таралышын болтурбоо боюнча иш-чараларды өз учурунда уюштуруу максатында түзүлөт.

1.2. Өзгөчө комиссия өзүнүн компетенциясына таандык бардык маселелер боюнча иш-аракеттерин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы республикалык өзгөчө комиссия жана Бишкек шаарынын аймагында иштеген башка комиссиялар жана комитеттер менен тыгыз байланышта жүргүзөт.

1.3. Шаардын өзгөчө комиссиясы коомдук башталышта иштейт жана төрагадан, төраганын эки орун басарынан, жооптуу катчыдан жана комиссия мүчөлөрүнөн турган курамда түзүлөт.

1.4. Бишкек шаарынын социалдык маселелерди жетектеген вице-мэри Өзгөчө комиссиянын төрагасы болуп эсептелет.

## 2. Өзгөчө комиссиянын иш-милдеттери жана укуктары

2.1. Милдеттерди аткаруу максатында Өзгөчө комиссияга төмөнкү иш-милдеттер жүктөлөт:

- адамдар арасында жугуштуу оорулардын эпидемиясынын жана жаныбарлардын арасында эпизоотиянын алдын алуу жана жоюу боюнча иш-чараларды уюштурууда Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүнүн, чарба жүргүзүүчү субъекттеринин, ведомстволук таандыктыгына жана менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин, ошондой эле жарандардын иш-аракеттерин координациялоо жана методикалык жактан жетектөө;

Приложение 1
к постановлению
мэрии города Бишкек
от «11» 05 2020 года № 30

**ПОЛОЖЕНИЕ**
**о Городской чрезвычайной противоэпидемической и противоэпизоотической комиссии при мэрии города Бишкек**

## 1. Общие положения

1.1. Городская чрезвычайная противоэпидемическая и противоэпизоотическая комиссия при мэрии города Бишкек (далее - Чрезвычайная комиссия) создается с целью своевременной организации мероприятий по профилактике инфекционных заболеваний, локализации и ликвидации эпидемий, массовых отравлений среди населения и по предотвращению возникновения и распространения особо опасных заразных болезней животных, в том числе представляющих угрозу здоровью человека.

1.2. Чрезвычайная комиссия осуществляет свою деятельность по всем вопросам, отнесенным к ее компетенции, в тесном взаимодействии с Республиканской чрезвычайной противоэпидемической и противоэпизоотической комиссией Кыргызской Республики при Правительстве Кыргызской Республики, другими комиссиями и комитетами, действующими на территории города Бишкек.

1.3. Чрезвычайная комиссия города действует на общественных началах и образуется в составе председателя, двух заместителей председателя, ответственного секретаря и членов комиссии.

1.4. Председателем Чрезвычайной комиссии является вице-мэр города Бишкек, курирующий социальные вопросы.

## 2. Функции и права Чрезвычайной комиссии

2.1. В целях выполнения задач на Чрезвычайную комиссию возлагаются следующие функции:

- координация и методическое руководство деятельностью структурных и территориальных подразделений, хозяйствующих субъектов мэрии города Бишкек, предприятий, организаций и учреждений независимо от их ведомственной принадлежности и форм собственности, а также граждан по организации мероприятий по профилактике и ликвидации эпидемий инфекционных заболеваний среди людей и эпизоотии среди животных;
- информирование мэрии города Бишкек о случаях вспышек массовых инфекционных заболеваний и пищевых отравлений среди населения и эпизоотии среди животных и мерах по их ликвидации.

- Бишкек шаарынын мэриясына калк арасында массалык жугуштуу оорулар чыккан жана тамак-аштан ууланулар болгон учурлар жана жаныбарлардын арасындагы эпизоотия жана аларды жоюу боюнча чаралар жөнүндө маалымдоо.

2.2. Калк арасында жугуштуу оорулар чыккан жана тамак-аштан массалык ууланулар болгон учурларда жана жаныбарлардын арасында эпизоотияны каттоодо жана жоюуда Өзгөчө комиссия:

- эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы конкреттүү иш-чараларды аткаруу үчүн Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк, аймактык бөлүмдөрүнүн, чарба жүргүзүүчү субъекттеринин күчтөрүн жана каражаттарын ишке тартат;

- жоопту адамдардын эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы иш-чаралардын аткарылышы жөнүндө баяндамаларын угат жана анын жыйынтыгы боюнча уюштуруучулук жана практикалык чечимдерди кабыл алат;

- адамдар арасында жугуштуу оорулардын чыгышынын же тамактан жалпы ууланууну жана жаныбарлардын арасындагы эпизоотиянын пайда болуу себептери жана жоюунун натыйжалары жөнүндө бардык материалдарды карайт, андай оорулардын же ууланулардын болушуна күнөөлүү адамдарды аныктайт, аткаруу бийлигинин тийиштүү органдарына аларды жоопко тартуу жөнүндө сунуштарды берет.

2.3. Калк арасында же жаныбарлардын арасында өзгөчө коркунучтуу инфекциялык оорулар катталган учурда Өзгөчө комиссия зарыл болгондо төмөнкүлөрдү кошумча ишке ашырат:

- айрым уюмдарда, райондордо же жалпы шаарда инфекциялык оорулар чыккан учурда карантиндик-чектөө чараларын же карантин киргизүү жана алып салуу жөнүндө Бишкек шаарынын мэрине сунуштарды киргизет;

- инфекциянын очогун жоюу боюнча убактылуу комитетти жана анын иш планын бекитет;

- инфекциянын очогун жоюу боюнча иш-чараларды ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө кызмат адамдарынын маалыматтарын угат, угуунун жыйынтыгы боюнча керектүү чечимдерди кабыл алат.

2.4. Эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы кырдаалдын абалы жана Бишкек шаарынын калкы арасында инфекциялык, инфекциялык эмес оорулардын алдын алуу чаралары жөнүндө маалыматтарды даярдайт жана угат.

2.5. Өзгөчө комиссия төмөнкүлөргө укуктуу:

- мыйзамда белгиленген тартипте адамдар арасындагы инфекциялык оорулардын эпидемияларын жана жаныбарлардын арасындагы эпизоотиянын алдын алуу, жоюу боюнча иш-чараларды уюштурууда ведомстволук таандыктыгына жана менчигинин түрүнө карабастан уюмдардын иш-аракеттерине жетекчилик кылууга жана контролдоого;

2.2. При регистрации и ликвидации вспышек инфекционных заболеваний и случаев массовых пищевых отравлений среди населения и эпизоотии среди животных Чрезвычайная комиссия:

- привлекает силы и средства структурных, территориальных подразделений, хозяйствующих субъектов мэрии города Бишкек для выполнения конкретных противоэпидемических и противоэпизоотических мероприятий;

- заслушивает доклады ответственных лиц о ходе выполнения противоэпидемических и противоэпизоотических мероприятий и по результатам принимает организационные и практические решения;

- рассматривает все материалы о причинах возникновения и результатах ликвидации вспышки инфекционного заболевания или случаев массового пищевого отравления среди людей и эпизоотии среди животных, определяет лиц, виновных в возникновении этих заболеваний или отравлений, вносит представление в соответствующие органы исполнительной власти о привлечении их к ответственности.

2.3. При регистрации инфекционных заболеваний среди населения или среди животных Чрезвычайная комиссия, в случае необходимости, дополнительно осуществляет:

- внесение представления мэру города Бишкек о введении и снятии карантинно-ограничительных мер или карантина при возникновении инфекционного заболевания в отдельных организациях, районах или городе в целом;

- утверждение временного комитета по ликвидации очага инфекции и плана его работы;

- заслушивание информации должностных лиц о ходе реализации мероприятий по ликвидации очага инфекции, принятие по результатам заслушивания необходимых решений.

2.4. Готовит материалы и заслушивает информацию о состоянии эпидемиологической и эпизоотической ситуации и мерах профилактики инфекционных и неинфекционных заболеваний среди населения города Бишкек.

2.5. Чрезвычайная комиссия имеет право:

- в установленном законодательством порядке осуществлять руководство и контролировать деятельность организаций независимо от их ведомственной принадлежности и форм собственности по организации мероприятий по профилактике и ликвидации эпидемий инфекционных заболеваний среди людей и эпизоотии среди животных;

- по представлению Главного санитарного врача города Бишкек или Главного государственного ветеринарного инспектора города Бишкек объявлять ситуацию чрезвычайной и предъявлять требования к ответственным организациям и лицам по ее стабилизации;

- в установленном законодательством порядке требовать от руководителей и должностных лиц структурных, территориальных подразделений, хозяйствующих субъектов мэрии города Бишкек, организаций и учреждений независимо от форм собственности представление информации о ситуации и мерах профилактики и

- Бишкек шаарынын башкы санитардык врачынын же Бишкек шаарынын башкы мамлекеттик ветеринардык инспекторунун сунушу боюнча кырдаалды өзгөчө деп жарыялоого жана аны турукташтыруу боюнча жоопту уюмдарга жана адамдарга талаптарды коюуга;

- мыйзамда белгиленген тартипте Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк, аймактык бөлүмдөрүнүн, чарба жүргүзүүчү субъекттеринин, менчигинин түрүнө карабастан уюмдардын жана мекемелердин жетекчилеринен жана кызмат адамдарынан адамдар арасындагы жалпы инфекциялык, инфекциялык эмес оорулар жана тамактан ууланыуулар жана жаныбарлардын арасындагы жугуштуу ооруларды алдын алуу, жоюу жагдайы жана чаралары жөнүндө маалыматты талап кылууга;

- мыйзам тарабынан белгиленген тартипте ишканаларда, уюмдарда жана мекемелерде менчигинин түрүнө карабастан жугуштуу оорулардын, тамактан ууланыуулардын алдын алуу боюнча иштин абалын текшерүүгө;

- Бишкек шаарынын мэриясынын тийиштүү түзүмдүк, аймактык бөлүмдөрүнүн, чарба жүргүзүүчү субъекттеринин жетекчилеринен жугуштуу оорулардын алдын алуу, санитардык-профилактикалык, эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы иштердин аткарылышы боюнча тийиштүү документтерди талап кылууга жана Өзгөчө комиссиянын жыйындарында алардын билдирүүлөрүн угууга;

- адамдар арасында жугуштуу оорулардын эпидемиялары чыгышына, тамактан жалпы ууланыуу болушуна жана жаныбарлардын арасында эпизоотия болушуна жол берген күнөөлүү жоопту адамдарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте административдик жана тартиптик жаза колдонуу жөнүндө ыйгарым укуктуу органдарга сунуштарды киргизүүгө, зарыл учурда тийиштүү адамдарды кылмыштык жоопко тартуу маселесин чечүү үчүн тергөө органдарына материалдарды жиберүүгө;

- адамдар арасында эпидемиялык ооруларды же тамактан жалпы ууланыууларды жана жаныбарлардын арасында эпизоотияны жоюу, чектөө боюнча чараларды кабыл албагандыгы үчүн Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк, аймактык бөлүмдөрүнүн, чарба жүргүзүүчү субъекттеринин жетекчилеринин жоопкерчилиги жөнүндө маселени Бишкек шаарынын мэринин кароосуна киргизүүгө.

### 3. Өзгөчө комиссиянын ишин уюштуруу

3.1. Өзгөчө комиссия өзгөчө кырдаалдарда пландуу иштерди жана шашылыш иштерди жүргүзөт.

3.2. Өзгөчө комиссиянын жыйындары пландуу түрдө, ал эми пайда болгон эпидемиялык жана эпизоотиялык абалга жараша шашылыш өткөрүлөт.

3.3. Өзгөчө комиссиянын жыйынына Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк, аймактык бөлүмдөрүнүн, чарба жүргүзүүчү субъекттеринин

ликвидации массовых инфекционных и неинфекционных заболеваний и пищевых отравлений среди людей и заразных заболеваний среди животных;

- в установленном законодательством порядке проводить на предприятиях, в организациях и учреждениях независимо от форм собственности проверки состояния работы по профилактике инфекционных заболеваний, пищевых отравлений;

- требовать соответствующие документы и заслушивать на заседаниях Чрезвычайной комиссии сообщения руководителей соответствующих структурных, территориальных подразделений, хозяйствующих субъектов мэрии города Бишкек о принятых ими мерах по профилактике инфекционных заболеваний, выполнению санитарно-профилактических, противоэпидемических и противоэпизоотических мероприятий;

- вносить предложения в соответствующие уполномоченные органы о наложении административных и дисциплинарных взысканий в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики, на ответственных лиц, виновных в допущении эпидемий инфекционных болезней, случаев массовых пищевых отравлений среди населения и эпизоотии среди животных, при необходимости направлять материалы в следственные органы для решения вопроса о привлечении к уголовной ответственности лиц;

- вносить на рассмотрение мэра города Бишкек вопросы об ответственности руководителей структурных, территориальных подразделений, хозяйствующих субъектов мэрии города Бишкек, в связи с непринятием мер по ликвидации, локализации эпидемических вспышек или случаев массовых пищевых отравлений и их профилактике среди людей и эпизоотии среди животных.

### 3. Организация работы Чрезвычайной комиссии

3.1. Чрезвычайная комиссия проводит плановую работу и экстренную при чрезвычайных ситуациях.

3.2. Заседания Чрезвычайной комиссии проводятся планово, а с учетом складывающейся эпидемической и эпизоотической обстановки - экстренно.

3.3. На заседания Чрезвычайной комиссии могут быть приглашены руководители структурных, территориальных подразделений, хозяйствующих субъектов мэрии города Бишкек, представители организаций, предприятий или учреждений в зависимости от характера рассматриваемых вопросов.

3.4 Заседания Чрезвычайной комиссии оформляются протоколом и подписывается председательствующим на заседании лицом и секретарем.

3.5. По результатам заседания Чрезвычайной комиссии принимается постановление по каждому рассмотренному вопросу.

жетекчилери, каралып жаткан маселенин мүнөзүнө жараша уюмдардын, ишканалардын же мекемелердин өкүлдөрү чакырылышы мүмкүн.

3.4. Өзгөчө комиссиянын жыйыны протокол менен жол-жоболоштурулат жана жыйынга төрагалык жүргүзгөн адам жана катчы тарабынан кол тамга коюлат.

3.5. Өзгөчө комиссиянын жыйынынын жыйынтыгы боюнча ар бир каралган маселе боюнча токтом кабыл алынат.

3.6. Өзгөчө комиссиянын токтому шаардын уюмдарынын жана кызматтарынын кызмат адамдарына, ошондой эле башка кызыкчылыгы бар жактарга аткаруу үчүн маалымдалат.

3.7. Өзгөчө комиссиянын мүчөлөрү өз милдеттерин эреже катары жумуш убактысында ишке ашырат.

Берилген тапшырманы негизги ишин калтыруу менен аткарган мезгилде Өзгөчө комиссиянын мүчөлөрүнүн негизги жумуш ордундагы эмгек акысы сакталат.

**Вице-мэр** **Т.А. Кузнецова**

3.6. Постановление Чрезвычайной комиссии доводится до должностных лиц, организаций и служб города, а также других заинтересованных лиц для исполнения.

3.7. Члены Чрезвычайной комиссии осуществляют свои обязанности, как правило, в рабочее время.

В период выполнения поручений, связанных с отвлечением от основной деятельности, членам Чрезвычайной комиссии сохраняется заработная плата по основному месту работы.

**Вице-мэр** **Т.А. Кузнецова**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2020-жылдын «11» 05
№30 токтомуна 2-тиркеме

**Бишкек шаарынын мэриясына караштуу
Эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы
шаардык өзгөчө комиссиянын
КУРАМЫ**

Бишкек шаарынын социалдык маселелер боюнча вице-мэри, Шаардык комиссиянын төрайымы;

Бишкек шаарынын мэриясынын Шаардык саламаттык сактоо башкармалыгынын начальниги, Шаардык комиссиянын төрайымынын орун басары;

Бишкек шаарынын Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун башкы врачы, Шаардык комиссиянын төрайымынын орун басары;

Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын социалдык бөлүмүнүн башкы адиси, Шаардык комиссиянын катчысы;

Бишкек шаарынын Ленин администрациялык районунун башчысы;

Бишкек шаарынын Октябрь администрациялык районунун башчысы;

Бишкек шаарынын Биринчи май администрациялык районунун башчысы;

Бишкек шаарынын Свердлов администрациялык районунун башчысы;

Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгынын начальниги;

Бишкек шаарынын мэриясынын Санитардык-экологиялык инспекциясынын начальниги;

Бишкек шаарынын Ички иштер башкы башкармалыгынын начальниги;

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бишкек башкармалыгынын начальниги;

Приложение 2
к постановлению
мэрии города Бишкек
от «11» 05 2020 года №30

**Состав
Городской чрезвычайной противоэпидемической и
противоэпизоотической комиссии при мэрии города Бишкек**

Вице-мэр города Бишкек по социальным вопросам, председатель Городской комиссии;

Начальник Городского управления здравоохранения мэрии города Бишкек, заместитель председателя Городской комиссии;

Главный врач Центра государственного санитарно-эпидемиологического надзора города Бишкек, заместитель председателя Городского комиссии;

Главный специалист социального отдела центрального аппарата мэрии города Бишкек, секретарь Городской комиссии;

Глава Ленинского административного района города Бишкек;

Глава Октябрьского административного района города Бишкек;

Глава Первомайского административного района города Бишкек;

Глава Свердловского административного района города Бишкек;

Начальник Управления образования мэрии города Бишкек;

Начальник Санитарно-экологической инспекции мэрии города Бишкек;

Начальник Главного управления внутренних дел города Бишкек;

Начальник Бишкекского управления Министерства финансов Кыргызской Республики;

Начальник Управления Министерства чрезвычайных ситуаций по городу Бишкек;

Начальник Бишкекской городской инспекции по ветеринарной и фитосанитарной безопасности при Правительстве Кыргызской Республики;

Директор Государственного агентства охраны окружающей среды и лесного хозяйства при Правительстве Кыргызской Республики.

**Вице-мэр** **Т.А. Кузнецова**

Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Бишкек шаары боюнча башкармалыгынын начальниги;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча Бишкек шаардык инспекциясынын начальниги;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин директору.

**Вице-мэр** **Т.А. Кузнецова**